**ЭЛЕБЕСОВА А. Б.,**
*КББА*

# УНИВЕРСАЛДУУ ОКУУЛУК ИШ-АРАКЕТТЕР — ЗАМАНБАП ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ПРЕДМЕТТЕРДИ ӨЗ АЛДЫНЧА ӨЗДӨШТҮРҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Аннотация

Бул макалада окуучуларга билим жана таалим-тарбия берүү процессинин инварианттык негизи болуп саналган универсалдуу окуу иш-аракеттерди (УОИ) калыптандыруу, жаңыча социалдык тажрыйбаны аң-сезимдүүлүк жана жигердүүлүк менен үйрөтүү аркылуу аларды өз алдынча өнүгүп-өркүндөөгө көнүктүрүү жаатындагы актуалдуу проблема көтөрүлгөн. Макалада универсалдуу окуу иш-аракеттер жана алардын иш-милдеттери төрт блокко бөлүнүп, кеңири сыпатталып баяндалган.

В данной статье была рассмотрена актуальная проблема универсальных учебных действий (УУД), котрая является инсариантной основой образовательного и воспитательного процесса и создаёт возможность самостоятельного успешного освоения новых знаний, умений и компетенций, включая организацию освоения, то есть, умение учиться. В статье универсальные учебные действия и их функции описываются в четырёх блоках.

In this article the actual problem of the universal educational actions (UEA) which is an invariant basis of educational and pedagogic process was considered, and it creates possibility of independent successful development of new knowledge, abilities and competences, including the organization of development, that is ability to study. Universal educational actions and their functions are described in four blocks in this article.

*Өзөк түшүнүктөр:* ***акыл ишмердүүлүгү, метапредметтик окуу иш-аракеттер, окуй билүү жөндөмдүүлүгү, өз алдынча өнүгүү, проблемаларды коюу жана чечүү иш-аракеттери, текшерүү жана баалоо, универсалдуу логикалык иш-аракеттер, универсалдуу окуу иш-аракеттер (УОИ): жөнгө салуучулук (регулятивдик) багыттагы, инсандык багыттагы, коммуникациялык багыттагы, таанып билүүчүлүк багыттагы.***

Заманбап коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөр билим берүү мейкиндигин тездик менен өркүндөтүүнү, билим берүүнүн мамлекеттик, социалдык жана инсандык керектөөлөрдү жана кызыкчылыктарды эске алган максаттарын аныктоону талап кылууда. Ошого байланыштуу жаңы билим берүү стандарттарынын өнүктүрүүчү потенциалын камсыз кылуу приоритеттүү багыт болууда. Билим берүү системасында инсанды өнүктүрүү, баарынан мурда, билим жана таалим-тарбия берүү процессинин инварианттык негизи болуп саналган *универсалдуу окуу иш-аракеттерди* (УОИ) калыптандыруу аркылуу камсыз кылынат. Окуучулардын универсалдуу окуулук иш-аракеттерге ээ болуусу деген аларды жаңыча социалдык тажрыйбаны аң-сезимдүүлүк жана жигердүүлүк менен үйрөтүү аркылуу өз алдынча өнүгүп-өркүндөөгө көнүктүрүү болуп саналат. Универсалдуу окуу иш-аракеттер жаңы билимдерди, билгичтиктерди жана компетенттүүлүктөрдү өз алдынча ийгиликтүү өздөштүрүү (өздөштүрүүнү уюштура билүү) мүмкүнчүлүктөрүн түзөт.

«Универсалдуу окуу иш-аракеттер» термини, кеңири маанисинде, окуй билүү дегенди туюндурат. Бул субъекттин жаңыча социалдык тажрыйбаны аң-сезимдүүлүк жана жигердүүлүк менен үйрөнүү жолу аркылуу өз алдынча өнүгүп-өркүндөөгө жөндөмдүүлүгү, тактап айтканда, турмушта колдоно билүү жөндөмдүүлүгү дегендик.

Ал эми сөздүн бир кыйла тар маанисинде алганда, «универсалдуу окуулук иш-аракеттер» терминин окуучунун жаңы билимдерди жана билгичтиктерди өз алдынча өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүгүн, ушул процессти уюштуруу жөндөмдүүлүгү менен кошо, камсыз кылуучу иш-аракеттеринин жыйындысы деп аныктоого болот.

Универсалдуу окуу иш-аракеттердин *иш-милдеттери (функциялары)* төмөнкүлөр:

- Окуучунун өз алдынча окуу, окуулук максаттарды коюу, окууда ийгиликтерге жетишүүнүн зарыл болгон каражаттарын жана ыкмаларын изденүү жана колдонуу, ишмердүүлүк процессин жана анын натыйжаларын текшерүү жана баалоо мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу;
- Инсандын гармониялуу өнүгүшү үчүн жана үзгүлтүксүз билим алууга даярдыгынын негизинде өз алдынча өнүгүүсү үчүн шарт түзүү. Анын зарылдыгы коомдун көп маданияттуулугу жана кесиптик жогорку мобилдүүлүгү менен шартталат;
- Кайсы гана предметтик тарамда болбосун билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн ийгиликтүү өздөштүрүлүшүн камсыз кылуу жана компетенттүүлүктү калыптандыруу.

Универсалдуу окуулук иш-аракеттер билим берүүнүн мазмунун тандоого жана түзүмдөштүрүүгө, ыкмалардын, методдордун, окутуу формаларынын, ошондой эле билим жана таалим-тарбия берүүнүн толук процессин түзүүгө негиз болууга тийиш.

Окуучу универсалдуу окуулук иш-аракеттерге ар түрдүү окуу предметтеринин контекстинде ээ болот. Натыйжада анда жаңы билимдерди, билгичтиктерди жана компетенттүүлүктөрдү өз алдынча ийгиликтүү өздөштүрүү, аларды өздөштүрүү процессин өз алдынча уюштура билүү, т.а. *окуй билүү жөндөмдүүлүгү* калыптанат.

Бул жөндөмдүүлүк универсалдуу окуу иш-аракеттер — окуучунун ар түрдүү предметтик тарамдарда да, окуу ишмердүүлүгүн (анын максаттарын, баалуулук-маани-маңыздык жана операциялык мүнөздөмөлөрүн аңдап туюу менен кошо) уюштурууда да кеңири багыт алуу мүмкүнчүлүгүн ачып берүүчү иш-аракеттердин жалпылаштырылган ыкмалары. Ошентип, «окуй билүүгө» жетишүү окуу ишмердүүлүгүнүн бардык компоненттерин толугу менен өздөштүрүүнү болжолдойт. Алар: 1) окуунун мотивдери (окуучунун мүдөө-таламдары); 2) окуунун максаттары; 3) окуунун милдеттери; 4) окуулук иш-аракеттер жана операциялар (багыт алуу, материалды кайра иштеп чыгуу, текшерүү жана баалоо).

Жалпы билим берүүчү предметтерди окутууда *метапредметтик окуу иш-аракеттер* олуттуу орунду ээлөөгө тийиш. Метапредметтик («предметтердин үстүндөгү» же «метатаанымдык») иш-аракеттер дегенди окуучунун өзүнүн таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүнө — тарыхый жана коом таануучулук маалыматтарды берүүчү материалды эске тутуп калуу, математикалык маселелерди чыгаруу стратегияларын аныктоо, физика же химия боюнча лабораториялык экспериментти биргелешип пландаштыруу ж.б.у.с. иш-аракеттерге — талдоо жүргүзүү жана аны башкаруу жаатындагы *акыл ишмердүүлүгү* деп түшүнүү керек.

Жалпы билим берүүнүн башка максаттарынын талаптарына ылайык универсалдуу окуулук иш-аракеттердин негизги түрлөрүн төмөнкүдөй төрт блокко бөлүп кароого болот:

1) *Инсандык багыттагы* универсалдуу окуу иш-аракеттер;
2) *Жөнгө салуучулук (регулятивдик) багыттагы* универсалдуу окуу иш-аракеттер;
3) *Таанып билүүчүлүк багыттагы* универсалдуу окуу иш-аракеттер;
4) *Коммуникациялык багыттагы* универсалдуу окуу иш-аракеттер.

Окуу иш-аракеттердин мындай универсалдуу түрлөрүн дыкаттык менен так бөлүп көрсөтүү жалпы билим берүүчү окуу предметтерин өздөштүрүүдө аларга приоритеттүү орун берүүнү шарттайт. Эми УОИнин аталган блокторун бир кыйла кененирээк караштырып көрөлү.

<u>*Инсандык багыттагы* универсалдуу окуу иш-аракеттер блогуна төмөнкүлөр кирет:</u>

- өзүнүн турмуштук, инсандык, кесиптик тагдырын өзү чечүү иш-аракеттери;
- окуучунун баалуулук-маани-маңыздык түшүнүгүнө (турмуштук багытын аныктоо, адептик нормаларды билүү, жүрүм-турумдун адептик аспекттерин айырмалап көрсөтө билүү, кылык-жоруктарды жана окуяларды кабыл алынган адептик принциптер менен салыштыра билүү) жараша жүзөгө ашырыла турган аңдап туюу жана руханий-адептик баалоо иш-аракеттери, ошондой эле социалдык ролдорду жана инсандар ортосундагы мамилелерди ажырата билүү.

Турмуштук багытын аныктоо — адамдын коомдогу жана жалпы эле жашоо туршмуштагы өзүнүн ордун аныктоосу, баалуулук багыттарын тандап алуусу, өзүнүн «жашоо ыкмасын» жана коомдогу ордун аныктоосу. Турмуштук багытын аныктоодо адам төмөнкүдөй эки милдетти аткарат: *индивидуалдуу турмуштук маани-маңызды түзүү* жана *мезгилдик чектердеги турмуштук пландарды (жашоосунун долбоорун) түзүү*. Окуу ишмердүүлүгүндөгү иш-аракеттердин инсанга багыттап окутууда зарыл болуучу эки тибин баса белгилеп көрсөтүүгө болот. Бул, биринчиден, маани-маңыздуулук иш-аракети, т.а. окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн максаты менен анын мотивинин, башкача айтканда, ишмердүүлүктү ойготуучу окуунун натыйжасы менен анын ишке ашырылышынын түпкү себебинин ортосундагы байланышты түзүү. Окуучу: «Мен үчүн окуунун кандай мааниси бар, анын маңызы эмнеде?» — деген суроонун үстүндө ойлонууга жана ага жооп таба билүүгө тийиш. Экинчиден, бул өздөштүрүлүп жаткан мазмунду социалдык жана инсандык баалуулуктардын негизинде руханий-адептик жактан баалоо иш-аракети.

*Жөнгө салуучулук (регулятивдик) багыттагы* универсалдуу окуу иш-аракеттер блогуна окуучунун өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн уюштурууну камсыз кылуучу төмөнкү иш-аракеттер кирет:

- максатты болжолдоо — окуунун милдеттерин окуучуга белгилүү, ал буга чейин өздөштүргөн билимдер менен ага азырынча белгисиз билимдердин ортосундагы тең салмактуулуктун негизинде аныктоо иш-аракеттери;
- пландоо — аралык максаттардын ырааттуулугун түпкү натыйжаны эске алуу менен аныктоо иш-аракеттери;
- иш-чаралардын планын жана ырааттуулугун түзүү иш-аракеттери;
- болжолдоо — мазмунду өздөштүрүү деңгээлин жана анын натыйжаларын, мезгилдик мүнөздөмөлөрүн алдын-ала аныктоо иш-аракеттери;
- иш-аракет ыкмаларын жана анын натыйжаларын берилген эталон менен андан айырмачылыктарын жана четтөөлөрүн табуу максатындагы салыштыруу формасындагы текшерүү иш-аракеттери;
- оңдоп-түзөө — эталондун, реалдуу иш-аракеттин жана анын продуктусунун ар башка болуп калган учурунда планга жана иш-аракет ыкмасына зарыл болгон оңдоолорду жана толуктоолорду киргизүү иш-аракеттери;
- баалоо — окуучунун өздөштүрүлгөн жана өздөштүрүлүүгө тийиш болгон мазмунду баамдап түшүнүү жана ажыратып белгилөө, өздөштүрүү сапатын жана деңгээлин баамдоо иш-аракеттери;
- акырында, өзү жөнгө салып туруучу эрктин элементтери — күч-кайратты жана күч-кубатты мобилизациялоого жөндөмдүүлүк иш-аракеттери, эрктүү күч-аракет жөндөмдүүлүгү — мотивациялык каршылык көрсөтүү кырдаалындагы тандоого, тоскоолдуктарды четтетүүгө жөндөмдүүлүк иш-аракеттери.

*Таанып билүүчүлүк багытындагы* универсалдуу окуу иш-аракеттер блогунда максатка ылайыктуу:

- белги-символдук иш-аракеттер менен кошо жалпы окуулук иш-аракеттерди айырмалап билүү иш-аракеттери;
- логикалык[1] иш-аракеттер;
- проблемаларды коюу жана чечүү иш-аракеттери.

*Жалпы окуу иш-аракеттерге* төмөнкүлөр кирет:

- таанып билүүчүлүк максаттарды өз алдынча аныктап түзүү иш-аракеттери;
- зарыл маалыматтарды издеп табуу иш-аракеттери;

[1] Атайын-предметтик иш-аракеттер белгилүү бир окуу предметинин мазмуну менен аныкталат.

- маалыматты издөө методдорун (анын ичинде, компьютердик каражаттардын жардамын) колдонуу иш-аракеттери;
- белгилик-символдук иш-аракеттер, моделдөө (объектти одоно формадан анын олуттуу мүнөздөмөлөрү көрсөтүлүп турган моделге айландыруу жана моделди ошол предметтик тарамды аныктоочу жалпы мыйзамдарды аныктоо максатында өзгөртүү) иш-аракеттери;
- билимдерди түзүмдөштүрө билүү иш-аракеттери;
- оозеки жана жазуу түрүндөгү баяндамаларды (түшүндүрмөлөрдү) баамдуулук менен жана ойго келгендей түзө билүү иш-аракеттери;
- маселени белгилүү бир шарттарга жараша чечүүнүн бир кыйла натыйжалуу жолдорун тандап алуу иш-аракеттери;
- иш-аракеттин шарттарынын жана жол-жоболоунун рефлексиясы, процессти жана ишмердүүлүктүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо иш-аракеттери;
- текстти окуунун максатына маани берүү менен маңыздуу окуу жана текстти окуунун түрүн максатка жараша тандоо иш-аракеттери;
- ар түрдүү жанрдагы тексттерден зарыл болгон маалыматтарды алуу иш-аракеттери;
- негизги жана экинчи даражадагы маалыматтарды аныктоо иш-аракеттери;
- көркөм, илимий, публицистикалык жана расмий-иш стилдериндеги тексттерди эркин кабыл алуу жана түшүнүү иш-аракеттери;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынын тилине түшүнүү жана адекваттуу баалоо иш-аракеттери;
- тексттин мазмунун адекваттуу, кеңири, кыскача, тандамалуу айтып түшүндүрө билүү иш-аракеттери;
- ар түрдүү жанрлардагы тексттерди текстти түзүү нормаларын (темага, жанрга, баяндоо стилиге ж.б. ылайык келүү) сактоо менен түзө билүү иш-аракеттери.

Жалпы окуулук иш-аракеттер менен бирге *универсалдуу логикалык иш-аракеттер* белгиленет:

- объекттерге белгилерди бөлүп көрсөтүү (олуттуу, олуттуу эмес) максатында талдоо жүргүзүү иш-аракеттери;
- бир бүтүндүүлүктү түзүү үчүн бөлүктөрдү өз алдынча курастыруу, жетишпеген компоненттерди толуктоо аркылуу синтездөө иш-аракеттери;
- объекттерди салыштыруу, сериялаштыруу, классификациялоо үчүн негиздемелерди жана критерийлерди тандоо иш-аракеттери;
- түшүнүктөрдү жыйынтыктоо, натыйжаларды чыгаруу иш-аракеттери;
- ой-пикирлердин себептик-натыйжалык байланыштарын, логикалык улануучулугун түзүү, далилдөө иш-аракеттери;
- гипотезаларды аныктоо жана аларды негиздөө иш-аракеттери.

Чыгармачыл жана изденүүчүлүк мүнөздөгү *проблемаларды коюу жана чечүү иш-аракеттери* проблемаларды түзүүнүн жана аларды чечүүнүн жолдорун өз алдынча аныктоону камтыйт.

Коммуникациялык иш-аракеттер универсалдуу окуулук иш-аракеттер башка адамдардын, баарлашуудагы же ишмердүүлүк боюнча өнөктөштөрүнүн социалдык компетенттүүлүгүн жана позицияларынын эсебин, проблемаларды жалпы талкуулоого катышууну, курбалдаштарынын тобуна интеграциялануунy жана алар менен, ошондой эле чоң кишилер менен өз ара байланышта болууну жана кызматташтыкты камсыз кылат. Ошентип, *коммуникациялык багыттагы универсалдуу окуу иш-аракеттер* блогуна төмөнкүлөр кирет:

- мугалим жана классташтары менен окуу кызматташууну пландаштыруу — максаттарды, катышуучулардын иш-милдеттерин аныктоо иш-аракеттери;
- маселелерди туура коюу — маалыматтарды издештирүү жана чогултуу боюнча демилгечил кызматташтык иш-аракеттери;
- чыр-чатактарды чечүү — проблемаларды айкындоо, окшоштуруп салыштыруу, чыр-чатактарды чечүүнүн альтернативдүү ыкмаларын изденүү жана баалоо, чечим кабыл алуу жана аны жүзөгө ашыруу иш-аракеттери;

- өнөктөштүн жүрүм-турумун башкаруу — өнөктөштүн иш-аракеттерине байкоо жүргүзүү жана текшерүү, оңдоп-түзөө, баа берүү иш-аракеттери;
- өзүнүн ой-пикирлерин коммуникациянын милдеттерине жана шарттарына ылайык жетиштүү толуктукта жана тактыкта тастыктап айтуу иш-аракеттери;
- эне тилинин грамматикалык жана синтаксистик нормаларына ылайык келген монологдук жана диалогдук сүйлөй билүү иш-аракеттери.

Универсалдуу окуулук иш-аракеттер системасын инсандык, жөнгө салуучулук, таанып билүүчүлүк жана коммуникациялык иш-аракеттердин курамында өнүктүрүү баланын инсандык жана таанып билүүчүлүк чөйрөлөрүнүн ченемдик-курактык өнүгүшүнүн алкактарында жүзөгө ашырылат. Демек, окутуу процесси баланын окуу ишмердүүлүгүнүн мазмунун жана мүнөздөмөсүн айкындайт жана ошону менен универсалдуу окуу иш-аракеттерди жакындан өнүктүрүү зонасын аныктайт.

**Адабияттар**


1. ***Дахин А.*** Компетенция и компетентность: сколько их у российского школьника? // «Народное образование». 2004. №4.
2. ***Ковалева Г.*** PISA – 2003: результаты международного исследования // «Народное образование». 2005. № 2.
3. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн концепциясы. — «Кутбилим», 5-август, 2011, № 29. 3–5-б.
4. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2012–2020-жылдарда өнүктүрүүнүн стратегиясы. — «Кутбилим», 5-август, 2011, № 29. 6–14-б.
5. ***Руднев Е.*** Демократическая культура руководителей и педагогов российской школы и способы её развития // «Народное образование». 2005. № 9.
6. ***Соболева О.Б.*** Использование личного опыта учащихся при изучении обществоведения // «Преподавание истории и обществознания в школе». 2003. № 10.
7. ***Шишов С.Е., Кальней В.А.*** Школа: мониторинг качества образования. — М., 2000. 73–74-б.
8. ***Элебесова А.Б.*** Окутуу процессинде өзөктүк компетенцияларды калыптандыруу. — «Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары» журналы. 2014. № 1. 105–114-б.
9. ***Элебесова А.Б.*** Системалык-ишмердүүлүк өңүт — метапредметтик натыйжаларды калыптандыруунун негизи. — Ош мамлекеттик университетинин 75 жылдыгына карата: «Актуальные вопросы образования, науки, культуры и роль Ошского государственного университета в устойчивом развитии и расширении международной интеграции в образовательное пространство»: Эл аралык конференциянын материалдары: 2014-жылдын 22-октябры // «Ош мамлекеттик университетинин жарчысы!» журналы. 2014. № 3. 206–210-б.

***Якиманская И.С.*** Технология личностно-ориентированного обучения в современной школе. — М.: Сентябрь, 2000.